| КАБЫЛ АЛЫНДЫ | БЕКИТЕМ | МАКУЛДАШЫЛДЫ |
|---|---|---|
| И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын 2024-ж. «01» 11 № 3 протоколу | И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору Н.К.Турусбекова ______________ 2024-ж. «19» 11 | И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору М.К. Чыныбаев ______________ 2024-ж. «19» 11 |

**И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Политехникалык колледжинин билим алуучуларына**
# БИРДИКТҮҮ ТАЛАПТАР

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары тиешелүүлүгүнө жараша – Колледж жана Университет ) билим алуучуларына бирдиктүү талаптар Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун тамекинин зыяндуу таасиринен коргоо жөнүндө” Мыйзамына, И.Раззаков атындагы КМТУнун ички эрежелерине, Университеттин жана Колледждин ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актыларга ылайык иштелип чыккан

1.2. Бирдиктүү талаптар колледждин билим алуучулардын жүрүм-турумунун нормаларын белгилейт жана билим берүү концепциясын ийгиликтүү ишке ашырууну камсыз кылууга багытталган: колледжде окуу тартибин чыңдоого, окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууга көмөктөшүүчү жагымдуу психологиялык климатты түзүү. Колледжде ар бир билим алуучунун ийгиликтүү окуусуна, инсанды жана анын укуктарын урматтоого тарбиялоочу, жүрүм-турум маданиятын жана баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө болгон шарттарды түзүү.

1.3. Бул талаптар билим алуучулардын укуктарын жана милдеттерин аныктайт жана Колледждин бардык билим алуучулары үчүн милдеттүү жана так аткарылууга тийиш.

## 2. Жалпы жүрүм-турум эрежелери

2.1. Билим алуучу колледжге сабак башталардан 10-15 мүнөт мурун таза жана тыкан кийинип келип, сырт кийимин, баш кийимин чечип, алдыдагы сабакка керектүү нерселерди даярдайт.

2.2. Окутуучунун уруксатысыз класстан чыга албайт. Сабактарды калтырган учурда билим алуучу кураторго сабакка келбегендигинин себеби жөнүндө тастыктоочу документти (дарыгерден маалымкат, ата-энесинен арыз менен жазуу) көрсөтүүгө, ошондой эле калтырылган сабактардын темалары боюнча билиминин боштугун жоюуга милдеттүү.